КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ - ӨГҮЗ РАЙОНУ

ДАРКАН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ДАРКАНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

Даркан айылдык Кеңешинин 28-чакырылышынын № 15 -сессиясынын

# ТОКТОМУ

2023-жылдын 01 - февраль № 66

**2023-жылга Даркан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн бюджетин бекитүү , 2023-2024-жылга долбоорун жана 2022-жылдагы бюджеттин аткарылышы жөнүндө.**

2023-жылга Даркан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн бюджетин бекитүү,2024-2025-жылга долбоорун жана 2022-жылдагы бюджеттин аткарылышы жөнүндө Даркан айыл өкмөтүнүн финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы К.Т.Абдылдаеванын жана финансы-экономикалык маселелер боюнча туруктуу комиссиясынын төрайымы Ч.К. Орозобекованын кошумча маалыматын угуп талкуулап депутаттардын айылдык кеңеши токтом кылат:

1. 2023-жылга айыл аймактын айыл өкмөтүнө келип түшкөн кирешелер жана чыгашалар № тиркемеге ылайык 31320,1 миң сом өлчөмүндө бекитилсин.

2.Жергиликтүү бюджеттен 2024-жылга келип түшүүчү кирешелердин көлөмү №2 тиркемеге ылайык 31820,1 миң сом өлчөмүндө бекитилсин.

3.2025-жылга бюджеттик долбоору №3 тиркемеге ылайык 32320,1 миң сом өлчөмүндө бекитилсин.

4. Жергиликтүү бюджетке 2023-жылга жайыт акысынан келип түшүүчү киреше жана чыгашалар № 4 тиркемеге ылайык 600,0 миң сом өлчөмүндө бекитилсин.

5.2023 -жылга ӨКМге каралган бюджеттин 600,0 миң сомдон пайдаланылбай калса башка беренелерге жумшалсын.

6.Спорт оюндарына 350,0 миң сом өлчөмүндө бекитилсин.

7.Айылдык кеңештин төрагасынын эмгек акысы жыл ичинде өткөргөн он сессияга 6 500 миң сом жана соцфондго 1 121 миң сом өлчөмүндө бекитилсин.

8.2023 -жылдын бюджетинен жолдордун ремонту жана электр линияларынын ремонту учун түзүлгөн сметанын негизинде 3932,8 миң сом өлчөмүндө бекитилсин.

9.Айыл аймагына тиешелүү бала бакчага ата-энелерден балдардын тамак ашына 2023-жылга бала бакчанын атайын каражатынын киреше жана чыгаша бөлүгү 675,0 миң сом өлчөмүндө бекитилсин.

10.Айыл аймагына тиешелүү бала бакчага азык түлүк кымбаттагандыгына байланыштуу тамак ашына 2023-жылга бала бакчанын жергидиктүү бюджеттен киреше жана чыгаша бөлүгү 582,1 миң сом же ар бир балага 21,53 сом өлчөмүндө бекитилсин.

10.Даркан айыл аймагындагы К.Саалиев жана А.Сатылканов атындагы орто мектептерине балдардын коопсуздугу үчүн көзөмөл кызматтарына 12,0 миң сомдан 9 айга эки кызматкерге 216,0 миң сом өлчөмүндө эмгек акы төлөнүп берилсин

11.Жергиликтүү бюджетен 2023-жылга «Даркан булагы муниципалдык ишканасына» жана Даркан Жууку Суу (СПА га) спец техника алууга 2000,0 миң сом өлчөмүндө бекитилсин

11.Жергиликтүү бюджеттен 2023-жылга мектептерге спортсмендердин иш сапары үчүн 480,0 миң сом өлчөмүндө бекитилсин

10.Даркан айыл аймагындагы «Даркан булагы муниципалдык ишканасы» ичүүчү суу пайдалануучулардын айылдык коомдук бирикмесинин башкы дренаждык системасы жана резервуарды кайтаруучуга ай сайын 5,0 (үч) миң сом,гараждын кайтаруучусуна 4,0 миң сом өлчөмүндө эмгек акы төлөнүп берилсин

11.Даркан айыл аймагынын Даркан айыл кенешинин 28 чакырылышынын 13 - сессиясында кабыл алынган № 59 токтомуна ылайык Кожобаев Байзак Ракматович Даркан айыл окмотуно контрактык негизде ветеринардык адис болуп ай сайын 12,0 (он эки) миң сом олчомундо эмгек акы толонүп берилсин.

12.Айыл өкмөт башчысынын резервдик фондусу 313,2 миң сом өлчөмүндө бекитилсин.

13.2022-жылдан калган карыздар 2023-жылдын бюджетинен чектелген чыгымдардын эсебинен жабылсын.

14.Айылдык бюджет боюнча жүгүртүлүүчү кассалык накталай каражат акчасы 150,0 миң сом өлчөмүндө бекитилсин

16. Жергиликтүү бюджетке атайын каражаттарынан келип түшкөн кирешелерди казыналыктан сырткары пайдаланууга тыюу салынсын. Казыналыктан тышкары пайдаланылган каражаттар болсо тиешелүү деңгээлде өндүрүлүп бюджетке алынышы милдеттендирилсин.

17.Айыл аймактын айыл өкмөтүнүн бюджетинде каралган кирешелердин жана жыл ичинде болуучу чыгымдардын иш чаралары толук өз багытында , акча каражаты 300,0 сомдон жогору болсо айыл аймактын айыл кеңешинин токтомунун негизинде үзгүлтүксүз түрдө ишке ашыруу ,айыл өкмөтүнүн финансы-экономикалык бөлүмүнүн башчысына милдеттендирилсин.

18.2023-жылга бекитилген бюджеттин чыгымдар бөлүгү жыл ичинде муктаждыктарга карата кварталдан кварталга,статьядан статьяга, класификациядан класификацияга финансы-экономикалык маселелер боюнча туруктуу комиссия менен которууга мүмкүндүк берилсин.

19. Катуу тиричилик калдыктарын чыгарууга Даркан айылдык кеңешинин 28 чакырылышынын № 72 токтомуна ылайык ар бир тутунго 90,0 (токсон) сомдон бекитилген тарифтин 45 (кырк беш) сомун жергиликтуу бюджетинин эсебинен 405,0 (торт жуз беш миң) сом акча каражаты жергиликтуу бюджеттен каралсын.

20.Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу айыл аймагынын айыл окмотунун башчысына жана бюджеттик туруктуу коммисиясынын торагасына жүктөлсүн.

21.Токтом 2023-жылдын 1- февралынан баштап күчүнө кирсин.

Даркан айыл аймагынын
айылдык кеңешинин төрагасы Б.Муканбетов